"Бекитемин"
№11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү
орто мектебинин директору:
_______________Б.Б.Аалиев
"___"___________2022-ж

**№11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинин 2022-2023-окуу жылынын Өрт коопсуздугу жана кышка карата даярдык боюнча түзүлгөн иш планы**

| К № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | Өрт коопсуздук эрежелеринин инструкциясы менен тааныштыруу | сентябрь | Мектеп директору Администрация |
| 2 | Инженердик – техникалык коммуникацияларды пайдалануудагы коопсуздукту козөмөлдөө | дайыма | Мектеп директору Чарба башчысы |
| 3 | Мектептин от казаны жайгашкан котельный имаратын талапка ылайык ирээтке келтирүү | Сентябрь | Мектеп директору |
| 4 | Электр жабдыктарынын металдык бөлүктөрүн жердеткич бекитилиштерин көзөмөлгө алуу менен эрежелерге ылайыктуу жана тиешелүү тараптарга кат жөнөтүү менен талап кылуу | дайыма | Мектеп директору |
| 5 | Өрт өчүрүүчү каражаттарын толуктоо үчүн керектүү каражаттарын камсыз кылуу үчүн Айыл өкмөтүнө жөнөтүү менен талап кылып камсыздоо | дайыма | Мектеп директору Чарба башчы |
| 6 | 2022-2023-окуу жылынын кышка карата даярдык көрүү боюнча класстарды жылуулап, айлана-чөйрөнү ирээтке келтирүү | октябрь | Мектеп директору Чарба башчы Мугалимдер |
| 7 | Көмүр, отундун келишине жана сапатына кароо жана көзөмөлдөө | убагында | Мектеп директору Чарба башчы |
| 8 | Мектепти жылытууда сезондук кочегарларга жана электрикке милдеттендирип буйрук чыгаруу жана милдеттери менен тааныштыруу | убагында | Мектеп директору |
| 9 | Мектептин класс кабинеттерин кышка даярдоо | Октябрь | Чарба башчы Класс жетекчилер |
| 10 | Электр жарыгын өткөргүчтөрдү, электр точкаларын, электр күйгүзүүчү точкалардын оңдолушун көзөмөлдөо | Дайыма | Чарба башчысы |

**Чарба башчысынын милдетин аткаруучу: М.Токтоназаров**

Scanned by TapScanner

**“БЕКИТЕМИН”**
**№11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү**
**орто мектебинин директору __________Б. Аалиев**
**“___”__________2022-жыл.**

## Күнүмдүк үлгү алууга болгон эрежелер.

1. Күнүмдүк үлгүнү алууда, түзүлгөн күнүмдүк менюдагы тамактар боюнча алынат.
2. Күнүмдүк үлгү тамактарынын нормасы, меню боюнча берилген тамактын нормасынан кем болбосу керек.
   - Биринчи жана экинчи тамактар,гарнирлер,салаттар жана суусундуктар - түзүлгөн менюнун нормасы менен дал келиши зарыл;
   - Порциялык тамактар (катлет, бутерброддор)- түзүлгөн менюнун нормасы менен дал келиши зарыл;
   - Бирден берилүүчү тамактар-суусундуктар,кондитердик азыктар-түзүлгөн менюнун нормасы менен дал келиши зарыл;
   - Эгерде мектеп менюсунда бекер же акы төлөп ичкендер үчүн айырмалар болсо (ар кандай муздак тамактар, кулинардык азыктар ж.б.) -күнүмдүк үлгү алууда, ошол күндүн тамак боюнча эки башка үлгү алынат.
   - **Эгерде бир эле тамак,эки жолу кайталанып бир күндө жасалса,күнүмдүк үлгү эки жолу ТОЛУК НОРМАДА эки башка алынат.**

3.Күнүмдүк үлгү бышып жаткан мискейден же казандан алынат.Бул үчүн атайын кайнатылган кашык менен сүзүп алынып,стерилденген айнек идишине салып,андан соң үлгүлөр алынган идиштер,үлгү тамактын атын жана алынган күнүн көрсөтүү менен маркировкаланат:

Мисалы: Обед: Борщ 08.03.2017

4.Күмнүмдүк үлгү, даяр тамактардын бракеражы алынгандан соң,тамактарды берүүнү(отпуск) алдында алынат.

5.Бардык тамактар 48 саат ичинде (эс алуу жана майрам күндөрүн эсепке албаганда ) муздаткычта атайын текчелерде сакталат.

6.Күнүмдүк үлгү сакталуучу орунда (муздаткычтарды, муздаткычтын полкаларын) сөзсүз түрдө маркирлөө керек “КҮНҮМДҮК ҮЛГҮ”.

Scanned by TapScanner

**"БЕКИТЕМИН"**
**№11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү**
**орто мектебинин директору __________Б. Аалиев**
**"____"___________2022-жыл.**

***Электр мешин колдонууда коопсуздук эрежелери боюнча***

**КӨРГӨЗМӨ**

Электр мешин колдонуу,жабдыктарды колдонуу жана аларга кам көрүү боюнча техникалык инструктаждан өткөн жумушчуларга гана уруксат берилет.

Электр мешин колдонууда коопсуздук эрежелерди сактаңыз:

1.ДАЙЫМА электр мешининин иштөө бөлүгүнүн температурасы $450^{0}$ Cге жетээрин унутпаңыз.

2.Эгер колдонулбаса,конфоркаларды күйгүзбөңүз;

3.Электр мешин жана кууруучу шкафтарын имаратты жылытуу үчүн колдонбоңуз;

4.Күйгөн жерди убагында тазаланыз;

5.Ысык мешти муздак суу менен муздатпаңыз;

6.Эч качан чүпүрөктөрдү жана кармоочторду конфоркаларга калтырбаңыз;

7.Күйүүлөрдөн сактануу үчүн,мештин үстүндөгү идиш-аяктарды жылдырууда этият болуңуз,мештин ысык жагына май жана башка суюктуктардын төгүлүүсүнө жол бербеңиз;

8.ДАЙЫМА санитардык тазалоодон же оңдоодон мурда мешти өчүрүңүз.

Бузуктуктар байкалганда атайын адистерди чакырыңыз.

болуңуз,мештин ысык жагына май жана башка суюктуктардын төгүлүүсүнө жол

Scanned by TapScanner

# Өрт коопсуздугунун инструкциялары

## I Өрт коопсуздугунун жалпы талаптары

1. Билим берүү мекемесинин айланасы дайыма таза абалда болушу керек. Күйүүчү материалдардын калдыктары, түшкөн жалбырактар жана кургак чөптөрдү мезгил мезгили менен тазалоону жүргүзүп, мектептен тышкары алып чыгып кетүүнү уюштуруу.

2. Мектептеги эвакуациялык чыгуучу жерлер, тепкичтердин асты бош болуп, жабдуулар же башка буюмдар менен тосулбашы керек.

3. Мектепте окуучулар болгон мезгилде эвакуациялык чыгуучу жерлердин эшиктери жеңил ачылуучу илмек же башка тоскучтар менен жабылышы керек.

4. Чатырга чыгуучу жана техникалык бөлмөлөрдүн эшиктери, люктары ар дайым кулпулануучу тийиш.

5. Өрт өчүргүчтөр (огнетушитель) 1,5 метрденбийик эмес жерде, алууга жеңил болгон, бузулууга мүмкүн болбогон, күндүн нуру түз тийбеген, жылуулук жана ысытуучу приборлордун таасири тийбеген жерлерде орнотулушу керек.

6. Электр линиясындагы жана жабдуулардагы бузулуулар ал жерлер оң абалга келмейинче өчүрүлүүгө тийиш.

7. Ар бир мектептин кабатында көрүнүктүү жерде мектеп директору бекиткен өрт коопсуздугунун эвакуация планы илинип турушу керек.

8. Мектептин коридорлорунда жана эвакуациялык чыгуучу жерлердин үстүндө тиешелүү коопсуздукту сактоочу белгилер илинип турушу керек.

9. Сабактар бүткөндөн кийин мектептин кызматкерлери өздөрүнө бекитилген бөлмөлөрдү кылдаттык менен карап, бекитип, электр линиясынын ажыраткычтарын ажыратууга тийиш.

Scanned by TapScanner

## II Тыюу салынат:

1. Мектептин айланасында калдыктарды жана таштандыларды өттөөгө;
2. Мектептин ичинде тамеки тартууга;
3. Мектептин чатырында, бөлмөлөрдө, кабинеттерде бир нерселерди кургатууга;
4. Мектептин ичинте тейлөө кызматкерлеринин ж.б адамдардын жашаганына;
5. Мектептин ичинде күйүүчү суюктуктарды жана башка тез күйүүчү материалдарды сактоого;
6. Дубалдарды, шыптарды жасалгалоодо күйүүчү материалдарды колдонууга;
7. Проектиде каралган холл, коридор, тепкичтердин эшиктерин алып салууже башкача орнотууга;
8. Эвакуациялык чыгуучу жерлердин калгаларын мык менен бекем бекитүүгө;
9. Электр линиясына туташкан электр приборлорун өз алдынча калтырбоого;
10. Электр шиттеринде кол менен жасалган сактагычтарды (предохранителдерди) колдонбоого;
11. Мектепте балдар окуп жаткан мезгилде, адамдар болгон учурда сварка, от менен жүргүзүлүүчү иштер атайы жазуу буйругунун негизинде жүргүзүлүшү керек;
12. Окуу бөлмөлөрүн бензин, керосин жана башка тез күйүүчү суюктуктар менен тазалоо жүргүзгөнгө, ошондой эле тоңгон трубаларды куйкалоочу лампалар жана ачык от берилүүчү ыкмалар менен эритүүгө.

Scanned by TapScanner

# III Өрт учурунда эмне кылыш керек.

1. Өрт тууралуу жакынкы өрт өчүрүүчү бөлүккө тез кабарлоону 01 телефон номери менен жүргүзүш керек. Өрт болуп жаткан жердин так, толук адресин атап, өрт өчүрүүчү бөлүктү тосуп алууну уюштуруу.

2. Өрт тууралуу мектеп жетекчисине же аны алмаштырган адамга тез арада билдирүү.

3. Баардык эвакуациялык эшиктерди ачуу жана ал аркылуу адамдарды имараттан чыгарууну уюштуруу.

4. Имараттан эң баалуу нерселерди жана документтерди алып чыгууну уюштуруу.

5. Имараттан жана класстардан чыккан мезгилде желдеткичтерди өчүрүү, баардык эшиктерди, терезелерди өрттүн башка бөлмөлөрө өтүүсүнө тоскол болуш үчүн жабуу.

6. Имараттын ичиндеги окуучуларды катарга тизип, жакынкы эвакуациялык эшик менен чыгарып алардын санын алып толуктоо.

7. Өрт өчүрүүчү биринчи каражаттар аркылуу өрттү өчүрүүгө киришүү.

8. Электр жарыгын өчүрүү жана өрт өчүрүүгө катышып жаткан адамдардын коопсуздугун капысынан болуучу конструкциялардын урап кетишинен, жогорку температурада жарылуу коркунучу бар суюктуктардан, электр тогуна урунуудан коргоо чараларын камсыз кылуу.

Scanned by TapScanner